**ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**АРДАХАН УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУ ЖАЙГА ТАПШЫРУУ, КАБЫЛДАНУУ ЖАНА КАТТАЛУУ ШАРТТАРЫ**

## ОКУУГА ТАПШЫРА ТУРГАН АБИТУРИЕНТТЕР ТУУРАЛУУ

Өлкө ичинен жана чет өлкөдөн тапшыргандардын арыз-документтери Ардахан университетинин расмий веб сайтынын (www.ardahan.edu.tr) **ÜBYS – Menü – Uluslararası Öğrenci Sınavı Başvurusu** шилтемеси аркылуу кабыл алынат. Тапшыруу мөөнөтүн өткөрүп жиберген абитуриенттердин арыз-документтери кабыл алынбайт.

1- **Абитуриенттер орто мектепти бүтүрүү аттестатынын баасы боюнча тапшырышат.**
2- **Абитуриенттер эгер каалашса университетибиз тарабынан кабыл алынган 2022-2023-жылдардагы YÖS (Чет өлкөлүк студенттер сынагы) сынагынан алган баллы менен да тапшыра алышат. Мындай учурда кабыл алуу баллы төмөнкүчө эсептелет: Орто билимге ээ болгондугу тууралуу аттестатынын баллынын 60 пайызы, YÖS баллынын 40 пайызы.**

2023-2024 окуу жылында окуу жайыбызга тыпшыра турган чет өлкөлүк абитуриенттерге туура багыт (ориентация) берүү сабактары милдеттүү түрдө өтүлөт жана ал үчүн акы алынат. Чет өлкөлүк абитуриенттерге туура багыт (ориентация) берүү сабактарынын акысы 50 $ же болбосо, 1250 түрк лирасы болуп төмөндөгү IBAN номерине төлөнөт. Чет өлкөлүк абитуриенттер туура багыт (ориентация) берүү сабактарынын акысын төлөгөндөн кийин Эл аралык студенттердин документ тапшыруусу (Uluslararası Öğrenci Başvurusu) экранында орун алган Ориентация видеосун көрө алышат жана андан кийин гана документтерин тапшыра алышат.

**Түрк лирасы эсеби:**

**Аты:** Ö.K. ORYANTASYON HES.
**Банк жана кеңсеси:** Türkiye Halk Bankası A. Ş. / 678 Ardahan Şubesi
**İBAN:** TR630001200967800004000131
**Тапшыруу акысы:** 1250 (Бир миң эки жүз элүү түрк лирасы)

**USD (Доллар) Эсеби:**

**Аты:** ULUSLARARASI ÖĞRENCİ
**Банк жана кеңсеси:** Türkiye Halk Bankası A. Ş. / 678 Ardahan Şubesi
**İBAN:** TR780001200967800058000149
**Тапшыруу акысы:** 50 USD (Элүү Америка доллары)

**АРДАХАН УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СТУДЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ СЫНАКТАРЫ**

| УНИВЕРСИТЕТТИН АТЫ | СЫНАКТЫН АТЫ | СЕНАТ ЧЕЧИМИНИН КҮНҮ |
|---|---|---|
| 2809 НОМЕРЛҮҮ ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНИН УЮМДУК МЫЙЗАМЫНА ЫЛАЙЫК НЕГИЗДЕЛГЕН БАРДЫК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТТЕР | МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН YÖS (Чет өлкөлүк студенттер сынагы) СЫНАКТАРЫ | 18.12.2019 |
| ТҮРКИЯДАГЫ БАРДЫК ФОНДДУК УНИВЕРСИТЕТТЕР | ФОНДДУК УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН YÖS (Чет өлкөлүк студенттер сынагы) СЫНАКТАРЫ | 16.07.2020 |
| Студенттерди тандоо, жайгаштыруу борбору (ÖSYM) | 2023 – TR – YÖS | 11.01.2023 |
| Ардахан университети | 2023 – ARÜYÖS (Кыргызстан) | 04.05.2023 |

**Чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуудагы эл аралык сынактар**

- **SAT 1** сынагынан жалпысынан 1100 балл, математикадан болсо 600 баллдан жогору;
- **GCE (A level)** сынагынан 3 тема боюнча A даражасы, булардын бирөө тапшыра турган программа менен байланыштуу болууга тийиш;
- **ACT** сынагында; Математика (Math), табигый илимдер (Science Reasoning) жана жалпы (Composite) балл катары 24 баллдан жогору;
- Эл аралык бакалаврдык даражадагы дипломго ээ болуу жана дипломундагы орточо баасы 30дан жогору;
- ABITUR (АБИТУР-Германия) даражасы эң көп 3, Matura (Матура-Австрия) даражасы эң көп 3,
- Француз бакалавры дипломунун баасы эң аз 12,

**Окууга тапшыруу үчүн абитуриенттерден төмөнкүдөй шарттар талап кылынат:**

**а)** Орто мектептин бүтүрүүчүлөрү (мектепте же лицейде акыркы жылы окуп жаткандар) жана орто мектепти, же лицейди бүтүргөндөр:

1) Чет өлкөлүктөр;

2) Туулгандан бери түрк жараны болуп бирок кийин Ички иштер министрлиги тарабынан жарандыктан чыгууга уруксат алгандар жана ошол түрк жарандыгынан

чыккандыгы тууралуу маалымкатта бойго жете элек балдарынын Түрк жарандыгы мыйзамына ылайык берилген укуктарынын колдонулушу менен байланыштуу маалымкатка ээ экендигин күбөлөндүргөндөр;

3) Чет өлкөнүн жараны болуп жүрүп кийин Түркия Республикасынын жарандыгын алгандар жана ушундан улам кош жарандуулук статусуна ээ болгондор;

4) Түркия Республикасынын жараны болуп бирок орто мектепти толугу менен Түндүк Кипр Түрк Республикасынан башка чет өлкөлөрдө окугандар (буга орто мектепти толугу менен Түндүк Кипр Түрк Республикасынан башка чет өлкөлөрдөгү түрк мектептеринде окугандар да кирет);

5) Түндүк Кипр Түрк Республикасы жараны болуп Түндүк Кипр Түрк Республикасында жашап жана Түндүк Кипр Түрк Республикасында орто мектепти бүтүргөн GCE AL (The General Certificate of Education - Advanced Level) сынагынын жыйынтыгына ээ болгондор жана 2005–2010 жылдардын арасында башка өлкөлөрдөгү колеж, лицейлерде окуп GCE AL сынагынын жыйынтыгына ээ болгон же ээ боло тургандардын арыз-документтери кабыл алынат.

**b)** Абитуриенттерден

- 1) Түркия Республикасынын жараны болуп, орто мектепти толук түрдө Түркияда же Түндүк Кипр Түрк Республикасында бүтүргөндүн,
- 2) Түндүк Кипр Түрк Республикасынын жарандарынын (орто мектепти Түндүк Кипр Түрк Республикасында бүтүргөн GCE AL жыйынтыгына ээ болгондор жана 2005-2010-жж. арасында башка өлкөлөрдөгү орто окуу жайларына катталып, билим алып, GCE AL сынагынын жыйынтыгына ээ болгон же ээ боло тургандар эмес)
- 3) Бул статьянын 2-беренесинин а) бөлүмүнүн 2-номерлүү ич бөлүмүндө белгиленгендей туулгандан эле Түркия Республикасынын жараны болгон кош жарандуулардын, (орто мектепти толугу менен Түндүк Кипр Түрк Республикасынан башка чет өлкөлөрдөгү мектептерде окугандар / орто мектепти толугу менен Түндүк Кипр Түрк Республикасынан башка чет өлкөлөрдөгү түрк мектептеринде окугандар эмес)
- 4) Түндүк Кипр Түрк Республикасынын да жараны болгон кош жарандуулардын (орто мектепти толугу менен Түндүк Кипр Түрк Республикасында бүтүргөн GCE AL сынагынын жыйынтыгына ээ болгондор жана 2005–2010 жылдардын арасында башка өлкөлөрдөгү колеж, лицейлерде катталып окуп GCE AL сынагынын жыйынтыгына ээ болгон же ээ боло тургандар эмес)
- 5) Түркиядагы элчиликтердин карамагындагы мектептерде жана Түркиядагы чет элдик лицейлерде билим алган Түркия Республикасынын жараны болгон же болбосо ушул статьянын 2-беренесинин а) бөлүмүнүн 2-номердүү ич бөлүмүндө белгиленгендей туулгандан эле Түркия Республикасынын жараны болгон кош жарандуулардын арыз-документтери кабыл алынбайт.

**Абитуриенттер орто мектепти бүтүрүү аттестатынын баасы боюнча тапшырышат. Абитуриенттер эгер каалашса университетибиз тарабынан кабыл алынган 2021-2022-жылдардагы YÖS (Чет өлкөлүк студенттер сынагы) сынагынан алган баллы менен да тапшыра алышат. Мындай учурда кабыл алуу баллы төмөнкүчө**

**эсептелет: Орто билимге ээ болгондугу тууралуу аттестатынын баллынын 60 пайызы, YÖS баллынын 40 пайызы.**

**Түрк тилин билүү деңгели боюнча сынактан жетиштүү балл ала албаган абитуриенттер жана Түркиядагы жогорку окуу жайларынын биринен Түрк тилин жетиштүү деңгээлде билет деген сертификаты жок абитуриенттер университетибиздеги TÖMERде (Түрк тилин үйрөтүү жана изилдөө борбору) 1 жыл Түрк тилин үйрөнүүгө милдеттүү. Бул абалдагы абитуриенттер TÖMERге 06.10.2023кө чейин кабыл алынат. C1-C2 TÖMER сертификатын алган студенттер кийинки окуу жылынан баштап университетибизде толук түрдө каттоодон өтүшөт.**

**Түркиядагы жогорку окуу жайларынын биринен Түрк тилин жетиштүү деңгээлде билет деген сертификатын алган абитуриенттер Ардахан университетинин Түрк тилин билүү деңгели боюнча сынагына кирбейт.**

**Түрк тилин билүү деңгели боюнча тест окуу жайга жайгаштыруу жана каттоо процессинде көңүлгө алынбайт.**

Түрк тилин билүү даражалары:

а) C1 жана C2 даражасы: Түрк тилин жетиштүү деңгээлде билет, өзү каалаган кайсы программага кабыл алынуу мүмкүнчүлүгү жетсе ошол программада окууга каттала алат.

б) B1 жана B2 даражасы**:** Түрк тилин билүү деңгээли жетиштүү эмес, бирок кыска мөөнөттө өздөштүрө алат. Бул деңгээлдеги студенттер түрк тили курсунда кошумча билим алуу шарты менен өзү каалаган кайсы программага кабыл алынуу мүмкүнчүлүгү жетсе ошол программада окууга каттала алат. Бул деңгелдеги студент 3-окуу жылынын башталышына чейин түрк тилин билүү деңгелин C1 жана C2 даражасына жеткирип аны тийиштүү документ акылуу күбөлөндүрүшү керек. Эгер бул убакыттын соңунда түрк тилин билүү деңгели дагы деле B1 – B2 даражасында болсо, анда ал аны C1 – C2 даражасына жеткиргенге чейин окуу процессин уланта албайт.

в) A1 жана A2 даражасы**:** Түрк тилин жетиштүү деңгелде билбейт. Бул деңгелдеги студент түрк тили курсунан окууга тийиш. Бул абалдагы студент 3-окуу жылынын башталышына чейин түрк тилин билүү деңгелин C1 жана C2 даражасына жеткирип аны тийиштүү документ акылуу күбөлөндүрүшү керек. Түрк тилин билүү деңгелин C1 – C2 даражасына жеткиргендер үчүн а) беренеси, B1 – B2 даражасына жеткиргендер үчүн б) беренесинин талаптары ишке ашырылат.

АРУЧӨСС Түрк тилин билүү даражалары жана балл аралыктары төмөнкүдөй:

| АРУЧӨСС Түрк тилин билүү даражалары | Балл аралыктары | Түшүндүрмөлөр |
|---|---|---|
| C2 | 90-100 | Түрк тилин жетиштүү билет |
| C1 | 80-89 | Түрк тилин жетиштүү билет |
| B2 | 65-79 | Түрк тилин кыска убакытта жетиштүү деңгелде үйрөнүшү мүмкүн |
| B1 | 50-64 | Түрк тилин кыска убакытта жетиштүү деңгелде үйрөнүшү мүмкүн |
| A2 | 25-49 | Түрк тилин жетиштүү билбейт |
| A1 | 0-24 | Түрк тилин жетиштүү билбейт |

Түрк тилин билүү сынагы: 50 Түрк тили суроосу (сынак мөөнөтү 1 саат) болот.

ТҮРК ТИЛИН БИЛҮҮ ДЕҢГЕЛИН ӨЛЧӨӨ СЫНАГЫ

Түрк тилин билүү деңгелин өлчөө сынагы Ардахан университетинин Түрк тилин үйрөтүү практикасы жана изилдөө борборунда (TÖMER) 07.08.2023 – 15.08.2023 күндөрү аралыгында Ардахан шаарында болот.

Түрк тилин билүү деңгелин өлчөө сынагы ТҮШҮНҮҮ, ЖАЗУУ, СҮЙЛӨӨ формасында болуп баш-аягы үч этаптан турат. Сынак мөөнөтү 1 саат 30 мүнөт.

2023-2024 окуу жылы ТӨМЕРде өтүүчү Түрк тилин билүү деңгелин өлчөө сынагынын календары:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11.08.2023<br>Жума күнү<br>Саат: 10:00 | 18.08.2023<br>Жума күнү<br>Саат: 10:00 | 25.08.2023<br>Жума күнү<br>Саат: 10:00 | 01.09.2023<br>Жума күнү<br>Саат: 10:00 | 08.09.2023<br>Жума күнү<br>Саат: 10:00 | 15.09.2023<br>Жума күнү<br>Саат: 10:00 |

Түрк тилин үйрөтүү практикасы жана изилдөө борбору тарабынан 07.08.2023 – 15.08.2023 күндөрүнүн аралыгында боло турган Түрк тилин билүү деңгелин өлчөө сынагы үчүн абитуриенттер төмөндөгү IBAN номерине 400 түрк лирасы төлөп квитанциясын сынактан мурун э-почта аркылуу же колдон Түрк тилин үйрөтүү практикасы жана изилдөө борборуна (TÖMERге) тапшыруулары керек.

Сынактын дареги:

Ардахан университети АРҮСЕМ имараты /1-кабат, TÖMER /АРДАХАН

Сынак сааты: 10:00

Банк: T.C Halkbank A.Ş. – 678 / Ardahan Şubesi

İBAN номери: TR430001200967800005000076

Сынак акысы: 400 түрк лирасы

**Түркияда жогорку билим берүү мекемелеринин бардык деңгээлинде билим ала турган чет өлкөлүк студенттердин кирүү жана жашоо уруксатын алыш үчүн жасала тургандар;**

- Чет өлкөдө жасала турган иштер (Паспорт иштери)
- Өлкөбүзгө келгенден тартып жасала турган иштер (жашоо уруксаты)
- Жашоо уруксатын алгандан кийин жасала турган иштер (кабар берүү, билдирүү)

**Чет өлкөдө жасала турган иштер (Паспорт Иштери)**

Университетибизде билим алуу үчүн документтерин тапшырган чет өлкөлүк студенттердин дарегине кабыл алынгандыгы тууралуу чакыруу каты жөнөтүлөт. Студенттер бул каттын негизинде өз өлкөлөрүндөгү тиешелүү мекемелерге кайрылып чет элдик паспорт даярдатышат.

Түркияда билим алуу мөөнөтү боюнча жашоосун материалдык жактан камсыз кыла тургандыгын далилдей турган документ (банк эсеби, стипендия ж.б.) керек.

Өкүлчүлүк тарабынан кошумча документтер талап кылынышы мүмкүн.

**Өлкөбүзгө келгенден тартып жасала турган иштер (жашоо уруксаты)**

Түркияга кирген күндөн тартып, 30 күн ичинде төмөндө көрсөтүлгөн документтер менен билим ала турган аймактын Облустук көч башкаруу директорлугунун чет өлкөлүкөр бөлүмүнө арыз менен кайрылып, чет өлкөлүктөгө бериле турган жашоо уруксаты алышы керек.

а) Жогорку окуу жайынан берилген кабыл алынгандыгы жана катоодон өткөндүгү тууралуу же буга тең даражадагы документ,
б) Узун мөөнөттүү жана жарактуу паспорт,
в) Түркияда билим алуу мөөнөтү боюнча жашоосун материалдык жактан камсыз кыла тургандыгын далилдей турган документ (банк эсеби, стипендия ж.б.),
г) Жыл сайын расмий газетада жарыяланган жашоо уруксатынын акысы,

д) Керегине жараша кошумча документтер талап кылынышы мүмкүн.

## Жашоо уруксатын алгандан кийин жасала турган иштер (кабар берүү, билдирүү)

а) Билим алуу максаты менен жашоо уруксаты алган чет өлкөлүк студенттер 1 күн ичинде Облустук көч башкаруу директорлугунан Түркия Республикасынын атайын кимдигин (Т. Р. кимдик) тастыктаган номерин алуулары керек.

б) Жашоо уруксатынын мөөнөтүн узартууну каалаган чет өлкөлүк студенттер жашоо уруксатында көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирбей же мөөнөтү бүткөндөн кийинки 15 күндүн ичинде Облустук көч башкаруу директорлугуна арыз менен кайрылып, уруксаттын мөөнөтүн узартуулары зарыл.

в) Окууну бүтүргөндө, каттоосун, окуу жайы менен байланышын үзгөндө, сабак калтырганда ж.б. абалдарда келип чыккан өзгөрүүлөрдү **15 күндүн** ичинде, дареги алмаштырылган болсо **48 сааттын** ичинде Облустук көч башкаруу директорлугуна билдириши зарыл.

г) Жашоо уруксаты китепчесиндеги маалыматтар өчүп же бузулуп калса, же болбосо жоголуп кеткен учурларда дароо Облустук көч башкаруу директорлугуна арыз менен кайрылып, жаңысын алуусу керек.

д) Студенттер Облустук көч башкаруу директорлугунда жашоо уруксаты жана Т. Р. кимдик номерин алуу иштерин бүткөргөндөн кийин каттала турган университеттен убактылуу студенттик справка алып Социалдык Коопсуздук министрлигинин облустагы өкүлчүлүгүнө кайрылып Жалпы ден-соолукту камсыздандыруу келишимин түзүшү керек.

## ТОЛУК ТҮРДӨ КАТТОО ПРОЦЕССИ

• Университетибизде толук түрдө билим алууга мүмкүнчүлүк алган чет өлкөлүк студенттерге убактылуу студенттик справка берилип Облустук көч башкаруу директорлугуна жиберилет жана ал мекемеден жашоо уруксаты алынат. Жашоо уруксатын алган чет өлкөлүк студенттерге Облустук көч башкаруу директорлугу Т. Р. кимдик номерин <u>1 күндүн ичинде</u> берет.

• Жашоо уруксаты жана кимдик номерин алган чет өлкөлүк студенттерге кайрадан убактылуу студенттик справка берилип Жалпы ден-соолукту камсыздандыруу келишимин түзүшү үчүн алар Социалдык Коопсуздук министрлигинин облустагы өкүлчүлүгүнө жиберилет. Жалпы ден-соолукту камсыздандыруу келишими <u>1 күндүн ичинде</u> толугу менен даяр болот.

• <u>Жашоо уруксаты, Т. Р. кимдик номери жана Жалпы ден-соолукту камсыздандыруу келишими</u> боюнча бардык процедуралары бүткөн студент толук түрдө каттоодон өтөт.

• Толук каттоодон өткөн чет өлкөлүк студенттердин өздүк тиркемеси тиешелүү факультеттердин студенттик бөлүмдөрүнө жөнөтүлөт.

• Толук каттоо процесси аяктагандан кийин толук каттоодон өткөн чет өлкөлүк студенттердин билим алуусу тууралуу маалыматтар Облустук көч башкаруу директорлугуна жана Социалдык Коопсуздук министрлигинин облустагы өкүлчүлүгүнө атайын расмий кат аркылуу жиберилет.

## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СТУДЕНТТЕРДИ КАТТОО УЧУРУНДА ТАЛАП КЫЛЫНГАН ДОКУМЕНТТЕР

Мектепти аяктагандыгын күбөлөндүргөн **аттестаттын түп нускасы** жана анын өлкөсүндөгү Түркия Республикасынын элчилиги же өкүлчүлүгү тарабынан мөөрлөнгөн түркчө үлгүсү,

Аттестаттын түп нускасынын түрк лицейлеринен алынган дипломдор менен тең даражада экенин белгилеген Түркия Республикасы Улуттук билим берүү министрлиги же болбосо өлкөлөрүндөгү Түркия Республикасынын элчилигинден алынган **теңдик маалымкаты**,

Аттестатта тиркелген **баа көрсөткүчүнүн түп нускасы** жана ve анын өлкөсүндөгү Түркия Республикасынын элчилиги же консулдугу тарабынан мөөрлөнгөн түркчө үлгүсү,

**Расмий түрдөгү жеке күбөлүгүнүн же паспортунун өздүк маалыматтары жайгашкан барагынын өлкөлөрүндөгү Түркия Республикасынын элчилиги же өкүлчүлүгү тарабынан мөөрлөнгөн түркчө үлгүсү,**

**Абитуриенттер 2022 жана 2023-жылдардагы YÖS (Чет өлкөлүк студенттер сынагы) сынагынан алган баллы менен тапшыра алат.**

**Салым акчасы төлөнгөндүгүн күбөлөндүргөн банк квитансиясы,** (каттоо учурунда талап кылынат)

**Эл аралык стандартта чет тилин билгендигин жана түрк тилин жетиштүү деңгээлде билгендигин тастыктаган документ өлкөлөрүндөгү Түркия Республикасынын элчилиги же консулдугу тарабынан мөөрлөнгөн түркчө үлгүсү** (эгер бар болсо кабыл алынат),

**10 даана паспорттук сүрөт.**

**Түркия Республикасы кимдик номери** (Түркияда Облустук Көч башкаруу директорлугу тарабынан 1 күн ичинде алынат.)

**Жалпы Ден-соолук Камсыздандыруу документи** (Түркияда Социалдык Коопсуздик министрлигинин Облустук өкүлчүлүгү тарабынан 1 күндө алынат)

Абитуриенттердин окуу жайга тапшыруу акысын көрсөткөн квитанция тапшыруу учурунда документтер менен чогуу берилет.

Үміткерлердің өтініш ақысының төленгенін растайтын банк түбіртегі, тіркеу кезінде құжат ретінде тапсырылады.

Эскертүү:

Өлкө ичинен жана чет өлкөдөн тапшыргандардын арыз-документтери Ардахан университетинин расмий веб сайтынын (www.ardahan.edu.tr) **ÜBYS – Menü – Uluslararası Öğrenci Sınavı Başvurusu** шилтемеси аркылуу кабыл алынат.
Белгиленген мөөнөттөн кечиккен документтер кабыл алынбайт**.**

Байланыш маалыматтары:
Ардахан университети ректораты
Студенттик иштер башкармалыгы
Телефон: 0478 211 7575 (1286)